PDF Compressor Free Version

Бекитемин

№5 жалпы билим берүү орто мектебинин

директору ______ Ж.М.Белекова

# Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын окуу дептерлерин жүргүзүү, колдонуу жана аларды толтуруу жөнүндө жобо

## 1. *Жалпы жоболор*

1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө мыйзамынын" жалпы билим берүү жайлары жөнүндөгү типтүү жоболордун, мектептердин программаларынын негизинде иштелип чыккан.

Окуучулардын дептерлерин тариздөөдөгү ар түрдүүлүктөрдү жокко чыгаруу жана мектеп курагындагыларга болгон талаптардын системин жөнгө салуу, жазуу иштерин тариздөө маданиятына үйрөтүү жана дептерлерди жүргүзүүгө тиешелүү жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу максатында иштелип чыккан. Кыргыз тили, орус тили, англис тили, математика боюнча дептерлерди текшерүү тартибин аныктайт, себеби мектепте дептерлерди текшерүү.

1.1 Окуучуларды ички маданиятка үйрөтүүнүн бир бөлүгү болуп саналат;

1.2 Алардын иштерин текшерип жаткан адамга болгон окуучулардын сыйчылдыгын калыптандырат;

1.3 Өзүн контролдоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырат ,себеби иштерин көбүрөөк тариздөөнүн аркасы менен окуучуларда өз иштерин бат-баттан көбүрөөк кунт коюп жана кайталап текшерүүгө талап пайда болот.

1.4 Окуучулардын иштерин кылдаттык менен аткаруусун уюштурат.

1.5 Текшерүү иштери үчүн дептерлерде,текшерүү ишинин өзүнөн сырткары каталар үстүнд иштөөнү аткаруу керек. Күн сайын каталар үстүндө иштөө толук бир система болуп саналат ,анын жыйынтыгы күндөн күнгө көзөмөлдөнүп турушу керек.

1.6 Мугалим окуучулардын жазуу (күндөлүк жана текшерүү)иштерин баалоодо милдеттүү түрдө 5-11-класстарында окутууну уюуштуруу жөнүндөгү методикалык каттарына таянат.

1.7 Жалпы билим берүү орто мектепте окуучулардын дептерлерин күндө текшерип туруу шартка ылайык.

1.8 Каталар үстүндө иштөө күндөлүк дептерлерде да, текшерүү иштер үчүн дептерлерде да жума сайын жүргүзүлүп турат.

1.9 Окуу дептерлеринин саны жана аталышы,бардык окуу иштеринин ,ошондой эле текшерүү иштерин аткаруу учун окуучулар дептерлердин төмөндөкүдөй санына ээ болушу керек:

| Предмет | Дептердин саны | |
|---|---|---|
| | 5-8 класстар | 9-11класстар |
| Кыргыз тили | 2 жумушчу дептери<br>1 жат жазуу дептери | 2 жумушчу дептер<br>1 жат жазуу дептери |
| Кыргыз адабият | 1 машыгуу дептери | 1 дил баян дептер |
| Орус тил | 2 жумушчу дептери<br>1 текшерүү иштери (диктант) учун дептер | 2 жумушчу дептери<br>1 текшерүү иштери (диктант )үчүн дептер |
| Орус адабият | Кепти өстүрүү жана сөздүк үчүн | 1 жумушчу дептер,жана |

PDF Compressor Free Version

| | | |
|---|---|---|
| | 1 дептер | чыгармачылык иш үчүн 1дептер (дил баян) |
| Математика | 2 жумушчу дептер текшерүү иштер үчүн 1 дептер | - |
| Алгебра | 2 жумушчу дептер текшерүү иштер үчүн1дептер | 2 жумушчу дептер текшерүү иштери үчүн 1дептер |
| Геометрия | 1 жумушчу дептер | 1 жумушчу дептер |
| Англис тили | 1 жумушчу дептер 1сөздүк дептер | 1 жумушчу дептер 1сөздүк тесттик тапшырмалар |
| Физика ,химия | 1 жумушчу дептер текшерүү иштери үчүн1 дептер лабораториялык ж-а практикалык иштери үчүн 1дептер | 1жумушчу дептер жана ткешерүү иштери үчүн 1дептер лабораториялык жана практикалык иштери үчүн 1дептер |
| Биологиялык, географиялык, жаратылышты үйрөнүү, тарых, технология, музыка, чийүү | 1дептерден,1альбомконтур карта жумушчу дептер,колдонмо дептер практикалык иш дептерлери | 1 жумушчу дептери |

2 . Дептерлерди тариздөгөө жана жүргүзүүгө коюлган талаптар

2.1 Окуучулар 12-28 барактан турган стандарттык дептерлерди колдонушат. Жалпы дептерлер 7-9-класстарда көп көлөмдөгү иштерди аткарууну талап кылган окуу предметтери үчүн гана колдонулат.

2.2 Предмет боюнча дептердин абалы тыкан болушу керек .Анын сырткы бетинде (биринчи барагы) төмөндөкүдөй жазуу болушу керек .

№5жалпы билим берүү чү орто мектебинин

______классынын окуучусу

__________ФИО___________

________предмети________жазган дептери

Текшерүү иштери кепте өстүрүү боюнча иштөө, лабораториялык жана практикалык иштери боюнча дептерлерде тиешелүү жазуулар жазылат.

2.3 Окуучуларга дептерлердин четиндеги чийген жазууга уруксат берилбейт (чон класстарда гана лекция жазуу учурунда белгилөөлөрдү жазса болот.)

2.4 Таза жазуу боюнча көнүгүүлөрдү окуучулар жумушчу дептерлеринде аткарышат .

2.5 Кыргыз тили боюнча дата жумушчу сартын ортосунда жазылат. Сабаттуулукка үйрөнүү мезгилинде математика сабагында күн сан түрүндө жана айдын толук аты жазылат. Математика боюнча дептерлерде иштин аткаруу датасы сапка араб цифрасы жана айдын аталышы, 5-9 класстарда орус тили боюнча дептерлерде жазуу түрүндө, бөлөк предметтер боюнча дептерлерде сан менен жазылат.

2.6 Четки чийиндин өлчөмүн мугалим окуу предмети боюнча жазуу иштеринин өзгөчөлүгүнө жараша чечет.

PDF Compressor Free Version

2.7 Ар бир сабакта дептерге тема ,ал эми орус тили ,математика ,алгебра жана геометрия боюнча сабактарда аткарылып жаткан иштин түрү (класстык иш ,үй тапшырма,өз алдынча иш,диктант,жат жазуу ,дил баян,ж б )жазылат.

2.8 Дептерлерге көнүгүү аткарууда окуучулар борборуна көнүгүүнү, маселенин,суроонун номерин жазуусу керек.

2.9 Дептерлерде чакмакты жана сызыкты калтырып жазууну тартиби төмөндөкүчө

- математика (алгебра,геометрия )боюнча –эң үстүнкү чакмактан баштап жазылат,ар түрдүү тапшырмалар ортосунда 2 чакмак ,үй тапшырма менен класстык иштин ортосунда -4 чакмак ,дата менен иштин аталышынын ортосунда-1чакмак калтырылат ;

-туюнтма ,теңдеме барабарсыздык ж б тилкелеринин ортосунда 3 чакмак оңго жылып , төртүнчүгө жазылат;

-орус тили боюнча –бир иштин ичинде сызык калтырылбайт , үй тапшырма менен класстык иштин ортосунда-2 сызык калтырылат;

-математика туюнтмаларды жазууда бардык символдор ( белгилер цифралар )каллиграфия эрежелерин эске алып жазылат т.а графиканы жана жазылып жаткан символдордун санын тиешелүү чакмакты сактоо менен .Өзгөчө көп орундуу сандар менен иштөөдө (кошуу,көбөйтүү,бөлүү) сактоо талап калынат;

- Ар бир жаңы иштин тексти дептердин дата жана иштин аталышы жазылган бетиндеги “кызыл сызыктан” баштап жазылат. Кызыл сызык тариздөөдө оңго 2 смден кем эемс жылуу керек .Кызыл сызыкты тариздөө биринчи класста (IIIчейрек) текстти тариздеп баштагандан тартып сакталышы керек.

2.10 Кыргыз тили жана математика боюнча жыйынтыктоочу текшерүү иштери атайын ага арналган дептерлерде аткарылат ,ошондуктан “текшерүү иш” сөзү жазылбайт. Кыргыз тили боюнча дептерлерде иштин түрү гана (мисалы; жат жазуу) жазылат .Бул жалпы дептерлерде аткарылган кыска убакыттуу иштерди белгилөөгө да тиешелүү.Иштин аткаруунун варианты кийинки жумушчу саптын борборунда жазылат.

3. Жылына аткарылган текшерүү иштеринин саны класс боюнча берилиши

3.1 Класстык айырмачылыгына жараша бир жыл ичинде окуучулар тарбынан текшерүү иштердин төмөнкүдөй максималдуу саны аткарылат:

| класс | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили Жат жазуу | 8 | 8 | 6 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Баяндама | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| Дил баян | 2 | 2 | 2 | 3 | 1 | 1 | 1 |
| Адабият Класстык дил баян | 4 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Математика | 16 | 14 | | | | | |
| Алгебра | | | 11 | 10 | 9 | 9 | 9 |
| Геометирия | | | 5 | 7 | 5 | 5 | 5 |
| Физика | | | 4 | 4 | 4 | 6 | 5 |
| Химия | | | | 4 | 4 | 5 | 6 |
| Чет тили | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |

PDF Compressor Free Version

3.2 Бир класска, же бир окуучуга бир күндө эки текшерүү иш жаздырууга болбойт .

4 Окуучулардын жазуу иштерин текшерүү тартиби

4.1 Окуучулардын жазуу иштерин текшерүү төмөнкүдөй тартипте болуусу зарыл:

| Предмет классдар | 5 | 6 | 7 | 8-9 | 10-11 |
|---|---|---|---|---|---|
| Математика Алгебра Геометрия Орус тили | Ар бир сабактан кийин | 1-жарым жылдыкта ар бир сабактан кийин,ал эми 2-жарым жылдыкта бардык үй тапшырмалар текшерилет | Жумасына 2 жолу | Жумасына 1 жолу | Жумасына 1 жолу |
| Чет тили | Ар бир сабактан кийин | Жумасына 2 жолу | Маанилүү класстык иштер жана үй тапшырма-р бирок жумасына 1 ден кем эмес | 2 жумада 1 жолу | Сөздүктү айына1 жолу дептерлерди чейрек ичинде 1-2 жолу |
| Калган предметтер | Ар кандай чейрек ичинде 1-2 жолу | Ар кандай чейрек ичинде 1-2 жолу | Ар кандай чейрек ичинде 1-2 жолу | Ар кандай чейрек ичинде 1-2 жолу | Ар кандай чейрек ичинде 1-2 жолу |

4.2 5-7 класстарда орус тили жана математика боюча текшерилип жаткан иштерде бардык кетирилген каталар төмөнкү эрежеге таянып текшерилет:

-орфографиялык ката цифра математикалык белгилер чийилип үстөгү мугалим катаны кандайдар бир белги менен (каталарды жанан классификацияларды эсептөөдө ыңгайлуулук үчүн) белгилеп алат, баяндама жана дил баяндарды текшерүүдө орфографиялык жана тыныш белгилерден кетирген катасынан сырткары фактылык логикалык жана кептик каталар белгиленет;

4.3 8-11 класстардын дептерлери (жат жазуу) текшерилип, окуучуларга кийинки сабакка кайтарылып берилет: дил баяндар 5-7 класстарда бир сабактан кийин 8-11класстарда -10 күндөн кийин баяндамалар 8-11-класстарда 7 күндөн кийин кайтарылат.

Дептерлерди текшерүү жөнүндөгү жоболор

1. Бул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндөгү"мыйзамдын №5жалпы билим берүү орто метебинин уставынын негизинде иштелип чыккан .

2. Бул жобо дептерди текшерүүнү жана уюштуруунун тартибин аныкайт. Окуучулардын оозеки жана жазуу ишине болгон талаптардын бирдиктүүлүгүн камтыйт.

3. Берилген Жобо педагогикалык кеңеш тарабынан каралып чыгып, мектептин мүдүрү тарабынан бекитилет.

PDF Compressor Free Version

# Дептерлепди текшерүү тартиби

Кыргыз тили жана аабияты

Мугалим окуучулардын жумушчу дептерин текшерүүдө төмөнкү тартиптерди сактайт :

5-класс-бардык иштер;

6-8 –класстар бардык окуучулардын дептерлерин жумасына бир жолу,жетише албаган окуучулардыкын ар бир сабактан кийин;

9-класс бардык окуучулардын дептерлерин эки жумада бир жолу;

Адабият

-бардык класстарда ар кандай ,бирок ар бир окуучунун дептери чейректе эки жолудан кем эмес текшерилет ;

-текшерүү иштердин бардык түрлөрү бардык окуучуларда текшерилет ;

Мугалим текшерүү иштерди текшерүүдө төмөнкү мөөнөттү сактайт:

-5-9- класстардын текшерүү иштерин кийинки сабакка текшерилип берилет;

-5-9-класстардын баяндамалары-иш аткарылгандан кийин бир жумадан кем эмес убакытта;

Орус ,ангилс тилдери

- Мугалим жумушчу дептерди текшерүүдө төмөнкү мөөнөттү сактайт ;
- 5-8 класстар бардык иштер ;
- Калгагадардыкын маанилүү иштери гана;

Сөздүктөр

- 5-8- класс эки жумада бир жолу ;
- 9-кл төрт жумада бир жолу ;

Окуу-трбия иштери боюнча директордун орун басарынын көрсөтмөсү менен текшерүү иштериди текшертүү графиги толтурулат.

Текшерүү иштердин бардык түрлөрү окуучулардын бардыгында текшерилет.

Текшерүү иштерди текшерүүдө мугалим төмөнкү мөөнөттү сактайт: бардык класстардын окуууччуларынын текшерүү иштери кийинки сабакка текшерилип берилет.

Текшерүү иштер текшерилгенден кийин каталар үстүндө иштөө аткарылат.

Окуучулардын текшерүү иш дептерлери бир жыл бою сакталат.

.

PDF Compressor Free Version

# Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын предметтер боюнча дептерлеринин текшерилиши жөнүндө аныктама

Мугалим: Балтабай к А Предмет: орус тили

Класс: 4 Дата: 18.10.22

Текшерүүнүн максаты: Дептерлеринин жазылыш абалы

**1.Жумушчу дептерлер:**

Бирдиктүү орфографиялык эрежелердин сакталышы: Эрежелер негизинен сакталат. Окуучулар ташымалдоону жакшы билишпейт.

Дептерлердин текшерилишинин системалуулугу: Тапшырма ылайык мугалим тарабынан текшерилет

Дептер текшерүүнүн сапаты: Окуучулардын дептерлеринин жазылыш абалы жакшы. Тапшырма жооп берет

Класстык иштердин көлөмү: Берилген нормалын негизинде жазылат

Үй тапшырмалардын көлөмү: Кээ бир окуучулар үй тапшырмасына көңүл бурбайт, бирок мугалим тарабынан тапшырма берилет, текшер.

Каталар үстүндө иштөөнүн абалы: Кетирилген каталарынын үстүндө иштешет

Эскертүү: Кетирилген кемчилдиктер "__" ____ 2022-ж жоюлат. Колу:

Текшерүүнүн жыйынтыгы окуу бөлүм башчысынын алдындагы кеңешмеде каралат.

ОББ: [подпись]

УББ:

PDF Compressor Free Version

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын предметтер боюнча дептерлерин текшерүү жөнүндө аныктама**

Мугалим: А. Гилонова Предмет: Орус тили

Класс: 5 - „А" Саны: 25

Текшерүүнүн максаты: Окуучулардын дептерлеринин абалын, кол жазмаларын, сабаттуулугун билүү

2. Текшерүү иштеринин, жат жазууларынын ж-а дилбаяндардын абалы:

Бирдиктүү орфографиялык эрежелердин сакталышы:

Орфографиялык эрежелер сакталган

Жазуу иштерине коюлган баалардын объективдүүлүгү:

Баалар жогорулатып коюлган
Өз убагында жазуу иштеринин баалары коюлат

Каталар үстүндө иштөөнүн абалы:

Каталар үстүндө иштөө өз убагында жүргүзүлөт

Эскертүү: Кетирилген кемчилдиктер "__"____2022-ж жоюлат. Колу:____________

Текшерүүнүн жыйынтыгы окуу бөлүм башчысынын алдындагы кеңешмеде каралат.

ОББ:______________________

УББ:______________________